# Ажайып токой Арсланбап



Автор: Талгат Деркембаев

Сүрөтчү: Алёна Дин

# Ажайып токой Арсланбап

Автор:  Деркембаев Талгат
Сүрөтчү:  Дин Алёна

Кыргыз тилинде
Бишкек- 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.Төмөндө көрсөтүлгөн учурлар камтылбайт.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ажайып токой - Арсланбап" ( кыргыз тилинде), автор Талгат Деркембаев, сүрөтчү Алёна Дин

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат.
Сырткы бет Daan Kloeg, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.;1-бет Bas Wallet, © 2021 creativecommons.org. (https://search.creativecommons.org/photos/a2414fee-598a-4ed8-b9ec-f6a12c856172).;2-бет Alena Din, © 2021 Alena Din. CC BY 4.0.;3-бет PT Pictures, © 2021 www.shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.;4-бет Matauw/YevgeniyDr/Somsit/Mantikorra/steshs/ST-art/Viktor Fedorenko/Pavlina Klosova/, © 2021 www.hutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.;5-бет kukota/user12952888/marinafedorova /alekxxxis/lunamarina, © 2021 www.freepik.com.; (https://ru .freepik.com/premium-photo/fresh-ripe-black-currant-summer-vitamins_11595478.htm, https://ru.freepik.com/premium-photo/organic-almond-nuts_5347035.htm, https://ru.freepik.com/premium-photo/pistachios-with-shell-as-full_11196112.htm,https://ru.freepik.com/premium-photo/red-apple-raw-fruit-backgrounds-natural-healthy-organic_11700244.htm, https://ru.freepik.com/premium-photo/pears-fruits-stacked-in-a-row-on-market_3810829.htm).;6-бет Madeleine Steinbach, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.; 7-бет Dennis W Donohue/slowmotiongli /Doubleclix/Paul J Hartley/Volodymyr Burdiak/John Raptosh, © 2021 www.shutterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.;8-бет Piotr Krzeslak/Pascal De Munck/Jesus Giraldo Gutierrez/Mateusz Misztal/Harry Collins Photography/Peter Kniez/Zhecho Planinski/AdamOliver/, © 2021 www.shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.;9-бет Lussin, © 2021 www.shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.;10-бет Citrina/claudiagadea/iprachenko/Xenium, © 2021 www.shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.;11-бет Vitalii1/Thichaa, © 2021 www.shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.;
12-бет Thichaa, © 2021 www.shutterstock.com . Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат..

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Арсланбап – Кыргызстандагы эң кооз жерлердин бири. Ал Жалал-Абад облусунда жайгашкан. Айтылуу жаңгак токою ушул жакта. Жыш өскөн түрдүү бак-дарактар, бийик зоокадан агып түшкөн шаркыратма токойго өзгөчө көрк берип турат. Арсланбаптын абасы таза, суулары тунук.



Александр Македонский аскерлери менен Индияны багындыруу үчүн бараткан сапарында Арсланбап токоюна туш болушкан. Ушул жерден жарадар аскерлери жаңгактын дарылык касиети менен айыгып кетишкен.

Жоокерлер кайтышканда жаңгак ала кетишип, аны өз мекенинде өстүрүшкөн деген уламыш бар. Ушундан улам Арсланбап жаңгагы “грек жаңгагы” деген ат менен дүйнөгө белгилүү болгон.




Токойдогу жаңгак дарагынын узундугу отуз метрге чейин жетет. Жаңгактын бутактары жыш, жалбырактары жазы болгондуктан, жерге күн нурун өткөрбөйт. Булардын миң жылдан бери жашап келатканы айтылат.



Жаңгак



Арча



Шилби



Чычырканак



Карагай



Кайың




Терек



Караган

Арсланбапта жаңгактан сырткары башка көптөгөн өсүмдүктөр да бар. Бадал, терек, чычырканак, арча, карагай, шилби, кайың, чечек, караган сыяктуу дарактын түрлөрү да жаңгакка жанаша өсөт.




Мындан сырткары токойдо алма, алмурут, мисте, бадам, карагат сыяктуу көптөгөн мөмө-жемиштер өсөт.



Бул жерде дарылык касиети бар чөптөр да көп кездешет. Бул чөптөрдөн түрдүү дарылар жасалат.



















Арсланбап токоюн жапайы жаныбарлар жана канаттуулар мекендейт. Илбирс, сүлөөсүн, аркар-кулжа, күрөң аюу, суусар, кундуз сыяктуу жаныбарлар токойлор аралап жүрүшөт.


Кыргоол


Тоодак


Безбелдек


Улар


Чил


Шумкар


Бүркүт


Ылаачын

Токойдон кыргоол, тоодак, безбелдек, улар, чил сыяктуу илбээсин куштарды кезиктирүүгө болот. Ал эми көк асмандан ылаачын, шумкар, бүркүттүн шаңшып үн салганын угууга болот.



Жаңгак май айында гүлдөп, сентябрь айында бышып жетилет. Мөмөсү данектүү келип, тоголок же сүйрү болот. Жаңгактын курамы витаминдерге бай. Ал адамды ток алып жүрөт.






Жаңгактын жыгачынан кымбат баалуу буюмдар жасалат. Ал эми мөмөсүнөн тамак-аш бышыруу үчүн май сыгылып алынат. Ошондой эле андан түрдүү табигый боёкторду, лак, самын жасаса болот.

Уздар жаңгактын жалбырагы жана кабыгы менен кайнатып, жүндү кочкул күрөң түскө  боёшот.

 → 

Жаңгактын уюлу абдан жогору бааланат. Уюл – анын тамырына жана түз бутагына буржук-буржук болуп өскөн бөлүгү. Андан усталар түрдүү  буюмдарды жасашат. Акыркы убакта адамдар жаңгактын уюлун алуу үчүн бул даракты көп кыйып жатышат. Бул абдан өкүнүчтүү.



Тоо токой, жер суу, жандыктар менен адамдын жашоосу байланышта. Алар жоголсо, табиятыбыз кунарсыз болуп калат. Кыргыз жеринин кооздугу бир өзгөчө. Ажайып жерибизди барктап, сактайлы!

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Талгат Деркембаев
Сүрөтчү: Дин Алёна

Колдонулган иллюстрациялар
www.freepik.com, www.stutterstock.com
сайттарынан алынган.

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - **3.2 деңгээли**
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли